**Саттарова Азиза Тешебаевнанын “Балдар ырларын мектепте окутуунун технологиялык негиздери” деген аталыштагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча, педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине карата**

# РАСМИЙ ОППОНЕНТТИН ПИКИРИ

**Изилдөө үчүн тандалып алынган теманын актуалдуулугу.**

Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясында» өлкөнүн экономикасын көтөрүү, коомдун руханий-адептик, ыймандык негиздерин чыңдоо менен байланышары, материалдык өсүү, алдыңкы цивилизацияларга теңелүү биринчи кезекте жаштардын адептик сапаттарын тазалоо менен бекемделери айтылган. Мындай милдетти аткарууда балдар бакчаларындагы, мектептердеги адабий билим берүүнүн ролу зор. Балдар ырларды окуу менен эмоционалдык сезимдерин өстүрүп, алардагы каармандардан өздөрүнө өрнөк алат, турмушту таанып билүүгө жана эне тилинин байлыктарын үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Балдар ырлары – кыргыз адабиятынын бир бөлүгү, андай чыгармалар окуучунун курактык, психологиялык өзгөчөлүктөрүнө ылайык окууга, жаттоого жеңил болуп, сюжети жана композициясы жөнөкөй келип, тилдик жактан балдар үчүн татаалдык жаратпайт, эң негизгиси, бул чыгармалардын тарбиялык таасири түздөн-түз көрүнүп турат. Мындай чыгармалар элдик оозеки адабиятта, б.а., улуттук фольклордо да, төкмө жана жазгыч акындар чыгармачылыгында да, профессионал адабиятта да кеңири учурайт. Кыргыз адабиятынан билим берүүнүн мамлекеттик стандартында адабий чыгармаларды окуп үйрөнүү аркылуу азыркы окуучулар: биринчиден, маалыматтык;

экинчиден, социалдык-коммуникативдик; үчүнчүдөн, өз ишин уюштуруу жана маселе чече билүү компетенттүүлүктөрүнө ээ болушу айтылат.

Кыргыз адабият таануусунда балдар ырларынын теориялык проблемалары, тарыхый өнүгүшү, айрым балдар акындарынын портреттери бир кыйла изилденген (Абакиров К.А., Исаков К.А., Култаева Ү.Б., Сулайманов М.С., Сооронов О.С., Саттарова А.Т., Түлөгабылов М.Т., Орозова Г.Ж., Өмүрбай М. ж.б.), бирок аларды окутуу технологиялары айрым бир диссертацияларда (Абдраева Н.Э., Каранова Т.Н., Рахимова М.Р., Рысбаев С.К., Сакиева С.С., Токтомаметов А.Д. ж.б.) жалпыланган түрдө гана каралып өткөнү болбосо, негизинен атайын изилдөөнүн объектисине алына элек. Ошол эле учурда, кыргыз адабиятын окутуу методикасы илиминде (Алымов Б., Акматов Б., Акматов К., Байгазиев С.О., Батаканова С.Т., Исамидинов И.Ч., Иманалиев К., Ишекеев Н., Момуналиев С., Муратов А.Ж., Сартбаев К., Оторбаев Б., Турдугулов А., Шаимкулов О. ж.б.) ырларды окутуунун теориялык-методикалык негиздери иштелип чыккан. Алдыңкы мугалимдер (Абдесов Н., Исаков Б.С., Сманбаев А.) андай чыгармаларды окутуунун практикалык жолдорун көрсөткөн. Булардын ичинен аталган диссертациялык изилдөөгө жакын эмгектер С.К. Рысбаевдин докторлук диссертациясында башталгыч класстарда фольклордук чыгармаларды этнопедагогикалык негизде өркүндөтүп окутуу проблемасы каралса, С.С.Сакиеванын диссертациясы «Адабий окуу» предметинин мазмунун, окутуу усулдарын ачууга арналат. Бул эмгектерде балдар ырларын окутууну караган айрым бир учурлар кездешет, бирок алар бир гана аталган проблеманы ачуу милдетин койбойт, ал эми Н.Э. Абдраева менен Т.Н. Каранованын кандидаттык диссертациялары жогорку окуу жайларында балдар адабияты дисциплинасын үйрөтүү маселесине арналат.

Жогорудагы айрым эмгектердин жазылганына карабай, мектепте балдар адабиятын, анын ичинде ырларды окутуу проблемасы актуалдуу бойдон

калууда. Анын башкы себептери жана карама-каршылыктары диссертацияда төмөнкүлөр менен түшүндүрүлөт:

1.Азыркы учурда балдардын акыл-сезимин, тарбиясын, эстетикалык табитин өстүрүүдө ырлардын мааниси чоң болсо да, аны ишке ашыруунун илимий-методикалык негиздеринин толук аныкталбагандыгы;

2.Балдар адабиятын изилдөөнүн адабий-теориялык базасы, филологиялык негиздери аздыр-көптүр түзүлүп жатса да, ал эмгектерди мектепте колдонуунун технологиялары жеткиликтүү иштелбегендиги;

3.Мектеп практикасында балдар ырларынын көп окутулгандыгына карабай, университеттерде болочок мугалимдерди балдар ырлары аркылуу компетенттүүлүктөрүн калыптоо ишмердүүлүктөрүнүн өз деңгээлинде жүргүзүлбөй келиши;

4.Алдыңкы мугалимдер тарабынан балдар ырларын окутуунун ар кандай жолдорунун, ыкмаларынын иштелип жаткандыгына карабастан, алардын кыргыз педагогикасында илимий жактан үйрөнүлбөгөндүгү, жыйынтыкталбагандыгы жана практикага кеңири таратылбагандыгы;

5. I-VII класстарда балдар үчүн жазылган ырларды окутууга көп сунушталып жатканы менен кара сөз түрүндөгү чыгармаларга караганда, окуучулардын ыр түрүндөгү чыгармаларды кабыл алуу деңгээлинин төмөн турушу ж.б.

Жогоруда белгиленген карама-каршылыктарды чечүү изилдөөнүн актуалдуулугун аныктап турат.

**Изилдөөнүн жаңылык деңгээлин төмөнкүлөр менен аныкталат:**
1.Мектепте балдар ырларын окутуунун технологиялары заманбап талаптарга

ылайык адабият таануу, педагогика, психология илимдеринин соңку жетишкендиктерине негизделип, ыраттуу түрдө, алгачкы жолу иштелип чыккан.

2.Балдар ырларын окутуунун тарыхы, учурдагы абалы, өзгөчөлүктөрү,

буга чейинки изилдениши атайын максатта талдоого алынган.

3.Балдар ырларынын мектептин окуу программаларында, окуу китептеринде берилиши, бул багытта методисттердин, мугалимдердин тажрыйбаларын анализдөө дүйнөлүк педагогиканын методологиясына ылайык өркүндөтүлгөн.
4.Мектепте балдар ырларын окутуу технологиялары педагогикалык эксперименттен өткөрүлүп, практикага сунушталган.

**Изилдөөнүн максаты** – мектептерде балдар ырларын үйрөтүүнүн технологияларын теориялык жактан негиздөө жана аларды практикага киргизүүнүн жолдорун иштеп чыгуу, иштелип чыккан сунуштардын натыйжалуулугун педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүү.

Изилдөөнүн максатына ылайык анын төмөндөгүдөй **милдеттери** аныкталган:
1. Балдар ырларынын табиятын, спецификасын, ааламдашуу доорундагы таалим-тарбиялык функцияларын аныктап, аларды системалаштыруу.

2.Мектепте балдар ырларын окутууну изилдөөнүн материалдарын, методдорун, методологиялык негиздерин талдоо жана аларды темага ылайык жыйынтыктоо.

3.Мектептерде балдар ырларын окуп-үйрөнүүнүн тарыхына, изилденишине обзор берүү.

4.Балдар ырларын окутуу боюнча алдыңкы тажрыйбаларды үйрөнүү, аларды талдоо жана илимий багытта жалпылоо.

5.Кыргыз балдар ырларын окутуунун проблемаларын анализдеп, андай чыгармаларды үйрөтүүнүн технологиялык негиздерин иштеп чыгуу.

6.Балдар ырларын I-VII класстарда окутуунун технологияларын эксперименттик сыноодон өткөрүү жана оптималдуу технологияларды мектеп практикасына сунуштоо.

Диссертациянын **биринчи бапы** “Балдар ырларын мектепте окутуунун жана ал проблеманын изилденишинин тарыхы, азыркы абалы жана методологиялык негиздери” деп аталып, балдар ырларынын табияты жана аларды окутуу проблемасынын тарыхый эволюциясы, табияты, спецификасы, классификацияланышы изилденип, балдар ырларын окутуунун изилденишине тарыхый-педагогикалык обзор берилген. Ошондой эле, ааламдашуу доорундагы балдар ырларынын тарбиялык, таалим берүүчүлүк функциясы, балдар ырларын мектепте окутууну изилдөөнүн философиялык, адабият таануучулук, педагогикалык, психологиялык негиздери, окутуунун технологиялык негиздери түшүнүгүнүн парадигмасы каралган (11-71-бб.).

Кыргыз балдар адабиятын изилдөөчүлөрдүн эмгектерине токтолуп, анализ жасап, балдар адабияттын спецификалык белгилери катары окумуштуу А.Ж.Муратовдун пикирин бөлүп көрсөтөт:

- чыгармаларда балдарга негизги ролду берүү;
- көбүрөөк учурда башкы каармандар катары балдарды катыштыруу;
- тематикасы боюнча балдардын курагына ылайык келиши;
- башка чыгармаларга салыштырмалуу көлөмүнүн кыскалыгы;
- китептердин сүрөттөр, иллюстрациялар менен коштолушу, коолдолушу;
- тамгаларынын (шрифт) чоңураактыгы;
- тилинин жөнөкөйлүгү, түшүнүктүүлүгү, диалогдорду көбүрөөк пайдалануу;
- сүрөттөөлөрдү чексиз созо бербөө, кызыктуу окуялардын (приключение) арбындыгы;
- сюжетинде кескин бурулуштардын, чексиз ретроспекциялардын кездешпеши, сюжети чыңалуу, жыйнактуу алып барылышы;
- окуялардын тезирээк алмашып, биринин ордуна улам экинчисинин келип турушу;

- каармандардын мүнөзү предметтүү, балдардын көз алдында алардын иши жана жүрүш-турушу менен ачылышы;
- бактылуу бүтүмү (кара ниеттиктин үстүнөн ак ниеттиктин салтанат курушу);
- тарбиялоо максатынын түздөн - түз көрүнүшү (15-б.).

Балдар ырларын талдап келип, алардын тематикасын, багытталыш өзгөчөлүктөрүн, адабий тегин, түрүн, жанрын эске алып, окумуштуулар*дын* ар түрдүү классификациялары мисал катары көрсөтүлгөн (18-21-бб.).

«Ааламдашуу доорундагы балдар ырларынын тарбиялык, таалим берүүчүлүк функциясы» аттуу бөлүмдө глобалдашуунун таасири, андан улам окуучулардын адабий чыгармаларга кызыгуусунун басаңдашы конкреттүү мисалдар менен берилип, адабияттын коомду жаңылар, балдарга таасир этер күчү тууралуу анализ жүргүзүлгөн, атактуу адамдардын инсан катары калыптануусундагы көркөм сөздүн күчү белгиленген.

«Балдар ырларын окутуунун философиялык, адабият таануучулук, педагогикалык, психологиялык методологиясы» деп аталган бөлүмдө методологиялык таяныч боло турган жалпы дүйнөлүк, советтик, орусиялык жана Кыргызстандык окумуштуулардын эмгектерине обзор берилип, алардын кайсы жагын кандайча пайдалангандыгы чагылдырылган жана мектепте балдар ырларын окутуу, методологиялык база катары философия, эстетика, этика, этнопедагогика, билим жана тарбия берүүнүн тарыхы, педагогика, психология, адабият таануу, лингвистика, адабиятты окутуу методикасы илимдеринин табылгалары, алардын теориялык ачылыштары менен тыгыз байланышары көрсөтүлгөн. Окутуунун технологиялык негиздери түшүнүгүнүн парадигмасы азыр маалыматттык каражаттардын адамдардын аң-сезимине таасири күчтүү тийип жаткан кезде мугалим менен окуучунун чыгармачылык ишмердүүлүгү маалыматтык-коммуникациялык технологиялар (МКТ) менен байланышкан учурда кыйла эффективдүү болорун белгилеп, балдар ырларын мультимедия, слайд, фильм, аудио, видео каражаттар менен

түшүнүү окуучулардын көрүп, угуп кабыл алуу сезимдерин жогорулатып, поэзия сабакта живопись, музыка менен байланыша тургандыгы далилденген (41-71-бб.).

Негизинен, биринчи бап диссертациянын теориясын, тарыхын, методологиясын аныктап алууга, ошол багытта анализ жүргүзүүгө жана синтездөөгө арналган.

Диссертациянын **экинчи бапы** «Балдар ырларын окутуу боюнча изилдөөнүн материалдары жана методдору» деп аталат, анда изилдөөнүн материалы катары окуу программаларында, 1-класстардын «Алиппе», I-IV класстардын «Адабий окуу», V-VII класстардын «Адабият» китептеринде балдар ырларынын берилиши талдоого алынган. «Алиппе» окуу китептеринде балдар үчүн ырлардын берилишине анализ жүргүзүүгө арналган. Анда XX кылымдын 30-жылдарында «Алиппе» окуу китептери жана алардын кайсы жылдарда, кайсы жерден чыкканын, эмне деген аталышта колдонулганын атайын таблица аркылуу көрсөтүп, «Алиппе» окуу китептеринин он тогуз автордун он төрт окуу китеби жазылганын баса белгилеп, аларда балдар ырларынын сунушталыш өзгөчөлүктөрүнө токтолгон (75-86-бб.).

Диссертациянын «II-IV класстардын «Адабий окуу» китептеринде балдар ырларынын берилиш өзгөчөлүктөрү» деген бөлүмдө «Адабий окуу» китептеринде кайсы бөлүмдө кандай балдар ырлары берилгендиги таблица аркылуу көрсөтүлгөн. Бул класстарда балдар ырларын сунуштоонун негизги принциби тематикалык принцип болуп, окуучулар ал чыгармаларды окуу календарындагы майрамдар, жыл мезгилдери менен байланышта өздөштүрүп барат. Бир катар ырлар балдарды курчап турган айлана-чөйрө, табият, эмгек процесстери, балдардын кыймыл-аракеттери, оюндары менен байланыштырат. Окуу китептеринде Ш. Дүйшеевдин «Жаады кар», Тоголок Молдонун «Телибай тентек» деген чыгармаларынын тексттеринин жана методикалык аппаратынын берилиш өзгөчөлүктөрү анализге алынган.

Иштин «V-VII класстардын «Адабияттык окуу» курсунда балдар ырларынын сунушталышынын анализи» деген бөлүмдө башталгыч класстарга караганда балдар үчүн ырлар азыраак сунушталгандыгы, ал ырлар программага хронологиялык-тематикалык принциптердин негизинде киргизилгендиги айтылат. Мында 5-класстын окуу китебинде Р. Шүкүрбековдун «Тоо эчки», 6-класстын окуу китебинде «Каада-салт ырлары» деген бөлүмдө «Байдын кызы менен жардынын кызы» деген акыйнек айтышынын берилиши ар тараптуу талдоого алынып, ал материалдардын оң жана терс жактары көрсөтүлгөн.

Орто мектептин кыргыз адабияты окуу программаларындагы жана окуу китептериндеги балдар ырларынын берилишин талдап келип, айрым ырлар кээ бир класстарда кайталанып калганын, өзгөчө класстан тышкаркы окуу боюнча хрестоматияларда бул көрүнүш учурап калган фактылар кездешерин мисалдар менен далилденген. Ошондой эле, диссертант өзүнүн сунуштарын берген. Биринчиден, айрым чыгармалардын кээ бир класстарда кайталанып берилишинен арылуу керектиги, экинчиден, айрым темаларды үйрөтүүдө окуу китептеринин методикалык аппараттарында текстти талдап, окуучулардын жеке интерпретациялоосуна басым жасоо технологиялары талапка жооп бербей жаткандыгын көрсөтүлгөн (85-105-бб.).

«Балдар ырларын окутуу боюнча изилдөөнүн методдору» деген бөлүмдө изилдөөдө колдонгон теориялык методдорду кандайча, кайсыл убакта пайдалана тургандыгы аныкталат. Диссертациялык изилдөөнүн, ошондой эле, педагогикалык эксперименттин уюштурулушун, жүрүшүн жана анын натыйжа-жыйынтыктарын чагылдырууга арналган. Педагогикалык эксперименттин этаптары, максаты, милдети жана натыйжалары көрсөтүлүп, балдар адабиятын окутуунун компененттери жана модели да берилген (105-125-бб.).

Диссертациянын **үчүнчү бапы** “Балдар ырларын окутуунун дидактикалык принциптери, методдору жана каражаттары” деп аталып, (141-166-бб.) 1-класста А.Токомбаевдин «Паровоз» деген ырын үйрөнүү процессинде акыл-эстүүлүк жана аң-сезимдүүлүк принциби кандайча ишке ашырылгандыгы көрсөтүлөт. Андан ары дидактиканын көрсөтмөлүүлүк принциби 2-класстын «Адабий окуу» китебиндеги Ж. Абдылдаевдин «Өзүң тап» деген ырында, системалуулук жана ырааттуулук принциби 2-класста Ж. Исабаеванын «Күн жана торгой» деген ырынын тексттин үйрөнүү мезгилинде кандай ишке ашырылгандыгы баяндалат. Бышыктык (бекемдик) принцибин ишке ашыруунун жолдорун көрсөтүү үчүн А.Үсөнбаевдин «Комуз» деген ырын окутууда жеткиликтүүлүк принцибинин жол-жоболорун аныктоо үчүн, Т.Кожомбердиевдин «Коёнек» деп аталган чыгармасы мисалга алынган.

Илимий принцип үчүн Т. Кожомбердиевдин «Жамгыр жыты» деген ырын талдап көрсөткөн, теория менен практиканын байланышы принцибине Б. Сарногоевдин «Эне тилин жакшы бил» деген ыры талдоого алынып, гумандуулук принцибине Т. Ражабалиевдин «Көпөлөк» деген ырын мисалга келтирген. Тарыхка кайрылуу принцибине, улануучулук принцибине да аныктама берип, аларды сабакта ишке ашыруунун жолдору көрсөтүлгөн.

«Мектепте балдар ырларын окутуунун методдору жана каражаттары» деген бөлүмдө натыйжалуу методдор жана каражаттар берилип, модели сунушталган (191-б.).

«Акындардын ырларын талдоо процессинде алардын чыгармачылык индивидуалдуулугун ачып берүүнүн ыкмалары жана жолдору» деп аталган бөлүмдө 1-7-класстарда Т. Сатылгановдун, Б. Алыкуловдун, Нурмолдонун, Жеңижоктун санат-насыят, үлгү ырларын окутууда алардын чыгармаларынын дидактикалык мазмунун, түздөн-түз балдарды тарбиялоо үчүн акыл айткан

идеяларын талдап көрсөтүү технологиялары ачылып берилүү менен, мындай чыгармаларды көркөм окуу, автор тууралуу маалыматтарды топтоо, Венндин диаграммасын толтуруу, акын колдонгон көркөм сөз каражаттарын табуу, тексттеги диалекттик сөздөрдүн маанисин түшүндүрүү, эссе жазуу, ырлардын үзүндүлөрүн жаттоо сыяктуу ыкмалар жана жолдор сунушталат. Андан ары кыргыз балдар адабиятынын баштоочусу катары эсептелип жүргөн Тоголок Молдонун «Бөдөнөнүн түлкүнү алдаганы» деген ыр формасындагы тамсилин 3-класста, «Телибай тентек» деген ырын 4-класста, «Алкы жаман карышкыр», «Арстандын күчүгүн асыраган Мышык», «Иттин доолдай тиктирем дегени» тамсилдерин 6-класста окутуу ишмердүүлүгү каралат. Алыкул Осмоновдун «Түлкү менен каздар», «Китептин душманы», «Китепти сүй», «Көпкөк көпөлөк», «Балдар жана турналар», «Кыргыз тоолору» деген ырларын окутуу процессинде мектеп окуучуларына этикалык, экологиялык тарбия берүү үчүн жаныбарлар менен балдарды ассоциациялоо, мисалы, ийнеликке карата «Ийнелик, ийнелик, иш кылуудан ийменип, кыш болгондо карды ачып, жатып калат ийменип» («Ийнелик») деп, жай бою чардап жүрүп, кыш келгенде жатып калган ийнеликтин образы менен кыш камын ойлобогон, жалкоо, жатып ичер адамдын образын берсе, кумурсканы болсо «Кумурска, кумурска, кыйын экен жумушка, талыкпаган мээнеткеч, татынакай турмушта» («Кумурска») деп иштемчил, мээнеткеч адамга салыштырат. «Бөк, бөк, бөдөнөм», «Кулой, кулой, торпогум», «Тору тай», «Тай күлүк» ж.б. ырларында акын жан-жаныбарлардын жашоосун кылдат байкаган натуралист экендигин көрсөткөндүгү, «Калпычы Канымгүл» деген ырда балдардын мүнөзү диалог аркылуу берилгендиги жана акындын ушундай өзгөчөлүктөрүн мектеп окуучуларына ачып берүүнүн зарылдыгы ушул бөлүмдө баяндалат (166-188-бб.).

**Диссертациянын төртүнчү бапы** "Жалпы билим берүүчү мектептерде балдар ырларын окутуунун технологияларын өркүндөтүүнүн педагогикалык мүмкүнчүлүктөрү" деп аталып, балдар ырларын окутууда предметтин ички

жана предметтер аралык сырткы байланыштарды интеграциялоо технологияларын өркүндөтүүгө токтолгон.

Балдар ырларын окутууда предметтерди интеграциялоо менен жетишкен натыйжалар катары төмөнкүлөр аныкталган:

- мектеп окуучулары дүйнөнү, турмушту, предметти (нерсени), көрүнүштү толук, бүкүлү (целостное) кабыл алууну үйрөнөт;
- аз убакыт коротуп, көп нерсени билип алууга жетишет;
- бир эле убакта башка предметтин материалдарын да өздөштүрөт;
- окуучулардын маалыматтарды анализдөө жана синтездөө жөндөмдүүлүгүн өнүктүрөт;
- мугалимдердин чеберчилиги өсөт;
- мугалимдер башка предметчи мугалимдердин тажрыйбасын да үйрөнөт, тажрыйба алмашат;
- сабактарда жаңы технологиялар колдонулуп, балдарды өзүнө тартат;
- окуучунун ишмердүүлүгү көп тармактуу бааланат (адабият жана музыка; адабият жана сүрөт; адабият жана живопись ж.б.);
- балдардын эстетикалык табити ар тараптуу калыптанат;
- окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгү жогорулайт;
- окуучулардын коммуникативдик аракеттери активдешет;

балада дүйнөнүн илимий толукталган картинасы калыптанат ж.б. (195-196-бб.). Оюн ырларын окутуу процессинде оюн технологияларын заманбап шарттарга ылайык өнүктүрүү маселеси каралып, интерактивдүү сабактардын үлгүлөрү берилген (217-222-бб.).

Окутуунун заманбап технологияларын өркүндөтүү аркылуу балдар ырларын үйрөтүү процессинде окуучулардын компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга токтолуп, балдар ырларын окутуунун мазмуну, максаты жана милдеттери көрсөтүлгөн. Балдар ырларын заманбап технологияларын өркүндөтүү аркылуу окутууда окуучулар ээ болуучу негизги компетенциялар (башталгыч класстардын мисалында) аныкталган (224-228-бб.). Жалпысынан 1-7-

класстарда балдар ырларын окуу аркылуу эң биринчи кезекте компетенттүүлүктөр ишке ашырылат:

- көркөм окуунун темпи;
- ырдын негизинде аңгеме, эссе жазуу;
- ырды монолог жана диалог түрүндө айтып берүү;
- үн кубултуп көркөм окуу;
- окуяларга, каармандарга карата жеке ою;
- ырдын текстине талдоо;
- ырлар боюнча пикир жазуу, айтуу;
- ырларды жаттоо;
- ырдагы ойду турмуш менен байланыштыруу;
- ырдын көркөмдүгү, ыр түзүлүшү, образдык-эмоционалдык функциясы; функциясы жөнүндө билимдери тереңдейт;
- ырдагы көркөм образ, адабий каарман түшүнүгү;
- окурмандык жоогрку табитке ээ болушат;
- ырларды өз алдынча баалоого үйрөнөт ж.б. (229-б.). Ошондой эле аталган бапта балдар ырларын окутуу аркылуу окуучулардын окурмандык кызыгууларын өркүндөтүү технологиялары н изилдөөгө алган (229-239-бб.).

Диссертацияда сунуш кылынган илимий концепциялар балдар адабиятын окутуу иштерин жаңыча уюштурууга жана баалоого жардам берет. Жаңы илимий идеяларды негиздөө жана аларды колдонуу боюнча сунуштар арбын.

Берилген жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын изилдениш даражасы жогору. Сунуш кылынган жоболор, жыйынтык-сунуштар илимий-теориялык эмгектерге, практикалык тажрыйбаларга, эксперименттик иштердин натыйжаларына таянуу менен жеткиликтүү жана ынанымдуу чыгарылган.

Саттарова Азиза Тешебаевнанын диссертациялык изилдөөсү жана анын натыйжалары, илимий жаңылыгы жана практикалык мааниси боюнча балдар адабиятын окутуунун методикасы илимине кошулган олуттуу жана салмактуу эмгек болуп эсептелет.

Изилдөөнүн жыйынтыктары жаңы жана маанилүү. Алар балдар адабиятын окутуунунун теориясы менен практикасын өркүндөтүүгө өз салымын кошот. Изилдөөдө изднүүчү ар түрдүү методдорду колдонуу аркылуу, өзүнүн илимий идеяларын бекемдеген жана алар так методологиялык негиздерге ээ.

Иштин аягында жалпы жыйынтыктар жана сунуштар айтылып, пайдаланылган адабияттардын тизмеси жана тиркеме сунуш этилген.

Диссертациянын авторефератында изилдөөнүн мазмуну, негизинен, чагылдырылган, андан эмгектин логикасын аңдап билүүгө болот. Иштин теориялык ойлору практикада сынактан өткөрүлгөн.

Жарыяланган эмгектердин саны – 28 жана алар теманын негизинде жазылган, ЖАК талап кылган басылмаларда жарыяланган.

Диссертациялык изилдөөдө балдар ырларын мектепте окутуунун теориялык жана практикалык орчундуу маселелери ийгиликтүү аныкталышы менен бирге, иштин жалпы сапатына анча таасир эте албаган айрым кемчиликтер да кездешет. Алар:

1.Биринчи баптын биринчи бөлүмүндө балдар ырларын талдап келип, алардын тематикасын, багытталыш өзгөчөлүктөрүн, адабий тегин, түрүн, жанрын эске алып, окумуштуулардын ар түрдүү классификацияларын мисал келтирет, бирок диссертант өзүнүн оюн жыйынтыктаган эмес.

2.Диссертациянын структурасында баш аламандык кетип калгандай, менимче, адегенде теориясы берилип, андан соң, эксперименттин жүрүшү берилсе, талапка ылайык болмок.

Ырас, жогоруда айтылган сунуштар иштин илимий мазмунуна терс таасирин тийгизбейт, диссертация балдар ырларын окутуу багытында кыргыз педагогика илиминде ыраатуу жана учур талабына ылайык иштелип чыккан олуттуу эмгек.

**Жыйынтыктап айтканда,** Саттарова Азиза Тешебаевнанын “Балдар ырларын мектепте окутуунун технологиялык негиздери” аттуу темадагы 13.00.02

– окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты ) адистиги боюнча диссертациялык иши жана анын автореферата Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялоо комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү жобосунун» 9 пунктунун талаптарына ылайык иштелип чыккан эмгек болуп саналат.

Изилдөөнүн автору Саттарова Азиза Тешебаевна аталган адистик боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

**Расмий оппонент,**
**К.И.Скрябин атындагы КУАУнун Мамлекеттик тил**
**жана тарбия иштери боюнча проректору,**
**педагогика илимдеринин доктору, профессор** **Батаканова С.Т.**

КАДРЛАР ЖАНА ИШ КАГАЗДАРЫН БАШКАРУУ БӨЛҮМҮ
Подпись С.Т. Батакановага кол тамгасын тастыктайм заверяю.
Нач. отдела кадров
"04" 02 2019 г.

Дата поступления отзыва в ДС Д13.18.580
8 февр. 2019 г
Уч. секр. ДС Омурбаев Д.К.